«Каралды»

ККНын Усулдук кеңешмесинде

«17» 11 2017-ж

Токтом №4

« Бекитилди»

ККНын Педагогикалык кеңешинин

2017-жылдын ____________

№2 отурумунда.

Пед.кеңештин төрагасы: Т.Орунбаев

# Кызыл-Кыя колледжинин өздүк номинациялык сыйлыктары жөнүндө

# *Жобо*

## I. Негизги жобо

Кызыл-Кыя колледжинин өздүк номинациялык сыйлыктары кесиптик орто билим берүүдө, билим берүүнүн негизин жаңылоо үчүн окутуучунун чыгармачылыыгын өнүктүрүүдө, билим берүү жараянында жаңы технологияларды колдоого педагогикалык кызматкерлердин кесиптик чеберчилигинин өсүшүнө өбөлгө түзүүгө, коомдо билим берүүнүн приоритеттерин негиздөөгө жана келечектеги кесип ээлеринин билимге болгон муктаждыгын стимулдаштырууга, билим берүү жараянын уюштурууда көмөкчү өбөлгөлөрдү жаратууга жана окуу жана тарбиялоо жараянын сапатын арттырууга багытталган.

## II. Номинациялык сыйлыктардын максаты.

- Жамаатта окутуучунун кесиптик престижин жана статусун жогорулатуу;
- Окутуучунун педагогикалык чеберчилигин жана кесиптик деңгээлин аныктоо;
- Педагогикалык демилгелерди колдоо жана сыйлоо;
- Окутуу практикасына жаңы педагогикалык технологияларды киргизүү;
- Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жайылтуу;
- Окуунун, коомдук иштердин жана спорттун мыктыларын студенттер арасында аныктоо, колдоо жана сыйлоо;
- Студенттердин теориялык билими менен практикалык жөндөмүн айкалыштырууга өбөлгө түзүү;

## III. Номинациялык сыйлыктарды ыйгаруу тартиби:

- Номинациялык сыйлыктарды ыйгаруу тартиби конкурстук негизде жүргүзүлөт;

1) **«Мыкты окутуучу»** номинациясына 4 усулдук секциялардан бирден окутуучу сунушталат, же жеке окутуучунун демилгеси менен өзүн-өзү сунуштайт; Талапкерлерди көрсөтүү төмөнкүчө жүргүзүлөт;

- Катышуучунун резюмеси;
- 2016-2017-окуу жылында өткөрүлгөн кеминде 3 ачык сабактын иштелмеси;
- 2016-2017-окуу жылынын ичинде өткөргөн кеминде бир предметтик иш чаранын иштелмеси;
- Ачык сабактар боюнча кеминде 6 өз ара сабакка катышуу картасы;
- Талапкердин үлгүлүү деп эсептеген жумушчу программасы;
- Талапкердин илимий, педагогикалык, усулдук макалаларынын публикацияларынын үлгүлөрү;
- Талапкердин жекече ишмердүүлүгүн чагылдырган портифолиосу же педагогикалык ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча индивидуалдык (жеке) проекттик (долбоору);

- Талапкер тууралуу студенттердин пикири;
- Талапкер тууралуу кесиптештеринин пикири;
- Талапкердин сыйлыктары;
- Талапкердин өз билимин өркүндөтүүсү: (сертификаттар, күбөлүктөр)

2. **«Мыкты куратор»** жана **«Мыкты тайпа»** номинациясына колледждеги бардык тайпаларга жана кураторлорго толугу менен катышууга мүмкүнчүлүк берилет. Сынак 2 тур менен өткөрүлөт 1-турда биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча

а) окуунун сапаты боюнча

б)катышуунун сапаты боюнча

алдынкы орунду ээлеген 3 тайпа жана 3 куратор таймашат. Сынактын көрсөткүчтөрү болуп төмөнкүлөр:

- Катышуучунун резюмеси, тайпанын анкеталык маалыматы;
- Окуу жылында өткөрүлгөн куратордук сааттын жана иш чаранын иштелмеси;
- Тайпа менен жүргүзүлгөн иш чаралардын план-программасы жана аткарылгандыгы жөнүндө түшүндүрмө;
- Колледждин жана колледжден сырткары иш чараларга катышкан студенттердин саны жана сапаттык көрсөткүчү;
- Куратордун жана тайпанын окуу каанасы менен иштөөсү;
- Тайпанын предметтик олимпиадаларга катышуу көрсөткүчү (саны жана сапаты)
- Тайпанын жетишүүсүнүн сапаттык көрсөткүчү;
- Тайпанын окуу журналынын, тарбиялык журналынын абалы;
- Спорттогу жетишкендиктери (саны жана сапаты)

3.**«Окуунун мыктысы»** номинациясына бардык тайпадан студент катышууга укугу бар.

- Студентке тайпадан сунуш же арыз;
- Окуу предметинин «Эң жакшы» жетишкендиги үчүн;
- Сабактарга катышуусу үзгүлтүксүз болгондугу үчүн;
- «Эң жакшы» адептүүлүгү үчүн;
- Үлгүлүү окуу кагаздары үчүн;
- Олимпиададагы жеңиштери үчүн;
- Семинар конференцияларга активдүү катышканы үчүн;
- Студенттердин сыйлыктары;

4. **«Спорттун мыктысы»** номинациясына жалпы студенттердин катарынан сунуш же арыз иретинде көрсөтүлөт:

- Студентке тайпадан сунуш же арыз;
- Спорттук үлгүлүү көрсөткүчү үчүн (дене тарбия окутуучуларынын баасы)
- Колледж ичинде жана колледж сыртында спорттук мелдештердеги көрсөткүчү үчүн;
- Колледж ичиндеги спорттук иш чараларды уюштуруудагы демилгеси үчүн (уюштуруу демилгеси);
- Студенттин сыйлыктары;

5. **«Мыкты практикант»** номинациясына бүтүрүүчү курстардын студенттери катыша алат;
   - Практиканттын резюмеси;
   - Үлгүлүү практиканттын китепчеси үчүн;
   - Практиканттын жалпы мүнөздөмө баяндамасы;
   - Практика мезгилиндеги даярдалган үлгүлөр: сабактын планы, отчеттор ж.б.

- Практикантка мектеп тарабынан берилген өзгөчө мүнөздөмөгө;
- Практиканттын мектептин коомдук иштерине активдүү катышкандыгы;
- Практиканттын портифолиосу;

6. «Мезгилдин мыктысы» номинациясына бардык тайпадан бирден студент катышууга укуктуу.
   - Студентке тайпадан же арыз;
   - Студенттин коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн;
   - Колледж ичиндеги иш чараларды уюштургандыгы өзгөчө демилгеси үчүн;
   - Колледжден сырткары иш чараларга активдүү катышкандыгы үчүн: (саны жана сапаты)
   - Студенттин сыйлыктары;
   - Иш чаранын үлгүлөрү;
7. Эгерде студент бир эле учурда «окуунун мыктысы», «спорттун мыктысы», «мезгилдин мыктысы» деп табылса анда студент «мыкты студент» номинациясына татыктуу болот.

## IV. Сыйлыктарды ыйгаруу чечими.

Сыйлыктарды ыйгаруу чечими атайын комиссия тарабынан кабыл алынат. Комиссия төмөнкүдөй курамда түзүлөт:

1) Окуу бөлүмүнөн;
2) Жаштар бөлүмүнөн;
3) Практика башчысы;
4) Спорт башчысы;
5) Усулдук бөлүмдөн;
6) Кафедра башчылары.

Комиссиянын ар бир мүчөсү жекече добушка ээ. Ар бир мүчөнүн чечими өз алдынча балл берүү тартиби менен чыгарылат жана чечимдер конвертке салынып, жыйынтыгы дирекция тарабынан угузулат.

Усулдук бөлүм.